**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИИМ**

**ЧҮЙ ОБЛУСУНУН ЫСЫК-АТА РИИБи**

**ТЕРГӨӨ КЫЗМАТЫ**

*725000 Кант шаары Тагаев К. кочосу № 8.*
*Тел.: 0(3132)5-21-47 Факс: 0(312)61-69-07*
*эл.почта: ysykata@bk.ru*

**МВД КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**ОВД ЫСЫК-АТИНСКОГО РАЙОНА ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ**

**СЛЕДСТВЕННАЯ СЛУЖБА**

*725000 город Кант улица К.Тагаева № 8.*
*Тел.: 0(3132)5-21-47 Факс: 0(312)61-69-07*
*эл.почта: ysykata@bk.ru*

05. 11. 2021 № 22-9/сс 3984

Кыргыз Республикасынын
БШКнын төрайымы
**Н.Шайлдабековага**

**МААЛЫМАТ**
**№03-005-2021-002648** сандуу
сотко чейинки өндүрүш иши боюнча.

2021-жылдын 29-октябрь күнү Ысык-Ата райондук ИИБнын ЭММКАКнын улук ыйгарым өкүлү А.Сейталиев билдирме менен кайрылган, себеби «Фейсбук» социалдык тармагына маниторинг жүргүзүү учурунда, аталган социалдык тармагынын баракчасында «Пери Орозбекова» аттуу айым, 2021-жылдын 28-октябрында өзүнүн баракчасына - «шайлоо мыйзамдарын «Ынтымак» саясий партиясынан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешине депутаттыка аттанып аткан талапкер, Тентишев Бакыт Эркинович тарабынан мыйзам бузуулар болуп жаткандыгы жөнүндө пост жайгаштырган.

Аталган П.Орозбекованын постуна ылайык, 2021-жылдын 29-август күнү Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешине депутаттарын шайлоо күнүн белгилөө жөнүндөгү указына кол коюлуп, жарыя кылынганын.

2021-жылдын 30-август күнү «Ынтымак» саясий партиясынын талапкери Тентишев Бакыттын атасы Тентишев Эркин 5 000 000 сомдук байге фондусу менен спортук иш чарасын өткөргөнүн.

2021-жылдын 5-октябрында талапкер Тентишев Бакыт Ысык-Ата районунун мамлекеттик акимиаты тарабынан мугалимдер күнүнө карата уюштурулган маарекесинде катышып, ал жерде С.Тентишев атындагы АзМИну тарабынан мугалимдер арасында мыктыларга акчалай каражаттар менен баалуу белектер, сыйлык катары берилгени көрсөтүлгөн.

Аталган фактылар 2021-жылдын 29-октябрында Ысык-Ата райондук ИИБнын электрондук маалымат каттоо журналына **№02-005-2021-002669** сандуу материал болуп катталган.

Бул факты боюнча алдын ала текшерүү жүргүзүлүп, 2021-жылдын 30-август күнү Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнө карата Чүй облусундагы Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктуу өкүлү Э.Тентишев тарабынан Кант шаарынын «Абдыш-Ата» спорттук комплексинде чон футбол, мини футбол, гиря көтөрүү, аркан тартуу оюндары уюштурулуп, ал маареке иш-чарасына Тентишев Эркиндин жеке каражатынан 5 000 000 сом акча каражаты бөлүнгөндүгү аныкталган.

Ошондой эле 2021-жылдын 5-октябрь күнү Мугалимдер күнүнө карата Ысык-Ата районуна караштуу Кант шаарынын Ленин көчөсүндө жайгашкан «Анталья» тойканасында Ысык-Ата райондук администрациясы тарабынан маареке өткөрүлүп, мыкты мугалимдер аныкталып, ал жерде С.Тентишев атындагы АзМИнын атынан, Тентишев Бакыт тарабынан мугалимдер арасында мыктыларга акчалай каражаттар менен баалуу белектер, сыйлык катары берилгени аныкталган.

Алдын ала текшерүүнүн жыйынтыгы менен 2021-жылдын 30-октябрында Ысык-Ата районунун ИИБнын ТКнын тергөөчүсү [redacted] тарабынан, Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 26-бер. 1-б. 1-п. негизинде, кылмыш жана жорук окуясы жок болгондуктан, номенклатуралык ишке чыгарылып, **№НД-005-2021-000049** саны ыйгарылган.

Аталган номенклатуралык ишке чыгарылган материал, райондук прокуратурасы тарабынан 2021-жылдын 05-ноябрында көзөмөл иретинде окулуп чыгып, райондук ИИБнын ТКнын тергөөчүсү [redacted] тарабынан кабыл алынган чечим мыйзамсыз жана негизсиз болгондуктан бузулуп, жокко чыгарылып, кошумча текшерүү амалдарын жүргүзүү үчүн кайрадан райондук ИИБнын ТКна жиберилген.

Кошумча текшерүүнүн жыйынтыгы менен 2021-жылдын 05-ноябрында райондук ИИБнын ТКнын тергөөчүсү [redacted] тарабынан Кыргыз Республикасынын ЖКнын 192-бер. 2-б. негизинде КЖБРге **№03-005-2021-002648** сандуу сотко чейинки өндүрүш иши катталган.

Бүгүнкү күндө, аталган сотко чейинки өндүрүш иши боюнча тийешелүү тергөө амалдары жүргүзүлүүдө.

Тергөөнүн жыйынтыгы менен кошумча маалымат жиберилет.

Ысык-Ата райондук
ИИБнын башчысы **Н.Калыкеев**